DOI:10.26104/IVK.2019.45.557

ИЗВЕСТИЯ ВУЗОВ КЫРГЫЗСТАНА, № 1, 2022

*Муратбек Касей*

# КЫРГЫЗ ЭЛДИК МУЗЫКАЛЫК АТКАРУУЧУЛУК ӨНӨРҮ МАДАНИЯТТЫН ОЧОГУ КАТАРЫ

*Муратбек Касей*

# КЫРГЫЗСКОЕ НАРОДНОЕ МУЗЫКАЛЬНОЕ ИСПОЛНИТЕЛЬСКОЕ ИСКУССТВО КАК ОЧАГ КУЛЬТУРЫ

*Muratbek Kasey*

# KYRGYZ FOLK MUSICAL PERFORMANCE AS A FOCUS OF CULTURE

*УДК: 787 (512.154):371.486*

*Байыртадан эле музыкалык аткаруучулук өнөр руханий дүйнө аркылуу, ырым-жырым, каада-салт жөрөлгөлөрү менен байланышта, өзүнө мүнөздүү келген эң алгачкы тилге ээ болгон десек болот. Элдик музыкалык аткаруучулук өнөр, ар дайым элдин жашоо-тиричилиги менен тыгыз байланыштагы маданий баалуулуктун системасы катары эсептелет. Элдик музыкалык аткаруучулук өнөр – бул өтө татаал, кандайдыр бир мүнөздөргө ээ болгон эстетикалык көрүнүш. Музыканын тарыхын изилдөөчүлөр музыкалык аткаруучулук маданиятын, миңдеген жылдар бою адам баласынын жашоосундагы болуп өтүүчү ырым-жырым, каада-салт формалары аркылуу маданияттын очогун түзүү менен, объективдүү процесс катары аныкташкан. Кыргыз элинин эгемендүүлүктү алган мезгилден баштап, элдик музыкалык маданияттын калыптанышы, мамлекеттин саясаты менен шартталган. Мындай шарт, жеке эле борбордун гана эмес, өлкөнүн бардык аймактарындагы маданиятынын өнүгүүсүнө багытталган. Ал эми, мындай багыт сөзсүз түрдө өлкөнүн идеологиялык жана маданий куруу жагдайларын калыптандырууну көздөгөн. Коомчулуктун идеялык-руханий өнүгүүсүндө, өзгөчө көңүл көркөм чыгармачылык тармагына бурулуу менен, республиканын маданий жашоосундагы көркөм өнөрүнүн ар кандай сфераларын жайылтуу шартталган. Бул макалада, кыргыз элдик музыкалык аткаруучулук өнөрүндө жаш муундарды өстүрүүдө кесиптик билим берүү жагдайы жана өздүк көркөм чыгармачылыгынын өнүгүүсү тууралуу айтылат. Ошондой эле, музыкалык маданий баалуулукту коомчулукка кеңири таратуу, ага мамлекеттин пландуу түрдө жүргүзүлгөн маданий иш-чаралары боюнча маалымат берилет. Бүгүнкү күндө элдик музыкалык аткаруучулуктун салттуулугуна жана анын сакталып, өнүгүүсүнө өзгөчө көңүл бурулуп келүүдө. Ошондуктан, макаладагы каралган негизги маселелеринен болуп, элдик музыкалык аткаруучулук өнөр маданиятынын бирден-бир очогу катары каралышы эсептелет.*

***Негизги сөздөр:*** *салттык, маданият, илимий, усулдук, идеология, руханий, конференция, кароо-сынак, көркөм өнөр, идеология, кесиптик, чыгармачылык.*

*Древнее музыкальное исполнительское искусство являлось своеобразным первоязыком, с помощью которого происходил духовный обмен в сочетании с другим языком, в том числе с ритуальным, церемониальным. Народное музыкальное исполнительское искусство всегда рассматривалось как система культурных ценностей, тесно связанная с жизнью народа. Народное музыкальное исполнительство – это сложное и своеобразное эстетическое явление. Исследователи истории музыки убедительно доказали, что на протяжении тысячелетий шло постепенное преобразование музыкальной культуры как объективного процесса жизнедеятельности человека, средства его самовыражения, сознания бытия через соответствующие ритуальные и обрядовые формы этноса в специфическую сферу образования и культуры. Народное музыкальное исполнительство жив до тех пор, пока есть люди, которые передают свое искусство о нем из поколения в поколение. Бережное отношение этих богатств в условиях современного общества требует хранителей, своего рода, подвижничества. В статье обсуждается состояние профессионального образования в развитии подрастающего поколения кыргызской народной музыки и развитии исполнительского искусства. Распространение среди общественности музыкальных и культурных ценностей, а также информации о планируемых культурных мероприятиях государства. Сегодня особое внимание уделяется сохранению и развитию традициям народной музыки. Поэтому, одним из основных моментов в статье является то, что исполнение народной музыки считается очагом, центром культуры народной музыки.*

***Ключевые слова:*** *традиция, культура, искусство, духовный, конференция, конкурс, идеология, методика, научная, профессиональный, исполнительство, творчество.*

*The ancient musical performance art was a king of primitive language, with the help of which spiritual exchange took place in combination with another language, including ritual, ceremonial. Folk musical performing arts have always been viewed as a system of cultural values closely related to the life of the people. Folk music performance is a complex and unique aesthetic phenomenon. Researchers of the history of music have convincingly proved that over the millennia there has been a gradual transformation of musical culture as an objective process of human life, a means of self-expression, consciousness of being through the appropriate ritual and ceremonial forms of an ethnic group into a sphere of education and culture. Folk music performance is alive as long as there are people who pass on their art about it from generation to generation. The careful attitude of these riches in the conductions of modern society requires guardians, a kind of selfless devetion. The article discusses the state of professional education in the development of the younger generation of Kyrgyz folk music and the development of their own art. Dissemination of musical and cultural values amond the public, as well as information about the planned cultural events of the state. Today, special attention is paid to the preservation and development of the traditions of folk music. Therefore, one of the main points in the article is that the performance of folk musik is considered the hearth, the center of the culture of folk music.*

***Key words:*** *tradition, culture, aft, spiritual, conference, competition, ideology, methodology, scientific, professional, performance, creativity.*

Республикада элдик музыкалык маданиятты өнүктүрүү жана сактоо процессинин маанилүү фактору катары, элдик салттуу музыкалык аткаруучулуктун алдыга кенен арыш жасоосу эсептелди. Мында, элдик

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



музыкалык аткаруучулук өнөр жандуу өнүгүү жолунда болууда. Мамлекетибиз эгемендүүлүктү алгандан баштап, элдик профессионалдык аткаруучулук менен катар, салттуу музыкалык аткаруучулук өнөрүнүн, өздүк көркөм чыгармачылык тармагынын кенен жана көп кырдуу өнүгүү жолунда болушуна ыңгайлуу шарттар түзүлдү. Демек, бул элдик музыкалык аткаруучулук өнөрү, учурдагы музыкалык маданиятынын очогу катары саналып калды. Музыкалык аткаруучулук жагдайында, мындай түшүнүктү колдонуу, республиканын музыкалык-маданий чөйрөсүнүн өнүгүүсүндө, өлкөнүн бардык аймактарындагы маданий-музыкалык мекемелеринде, анын салттуулугун сактоо менен өнүктүрүүнү калыптандыруунун өзгөчөлүгүн көрсөтүп турат.

Элдик салттуу музыкалык аткаруучулук өнөрүнүн музыкалык чөйрөдө кеңири тарашы, кыргыз элинин социалдык-тарыхый жашоо-тиричилигиндеги маданий өнүгүү процессинин талабы экендигин күбөлөп турат. Ошону менен бирге, баарынан мурда, анын иш-аракеттеринин иштиктүү натыйжасы менен шарттalган маанилүүлүгү, кандайдыр бир деңгээлде көрсөтүлгөн факторлордун таасири астындагы өнүгүү мезгилинин ичинде, бул элдик музыкалык аткаруучулук өнөрдүн өзүнө гана мүнөздүү жаңы сапаттардын пайда болушуна шарт түзүүдө. Анын мындай талдоо жүргүзүлүшү, социалдык-маданий ой-толгоолордун негизинде, музыкалык чыгармачылыктын мыйзам ченемдүүлүгүнө түшүнүү аркылуу, маданияттын өнүгүүсүнүн маанилүүлүгүн ачып берүүдө. Мына ушундай жол менен, элдик музыкалык аткаруучулук маданиятын, кандайдыр бир максаттуу багыттагы маданият таануучулук элементтердин диалектикалык байланыштагы системасы катары кароого болот.

Мамлекет маданий ишмердүүлүктөрдүн мындай түрлөрүнүн бири-бири менен байланыштарын түзүүгө көмөк берген коммуникативдүү жана тажрыйбалык уюштуруу функцияларынын маселелерин жүзөгө ашыруусу, музыкант-аткаруучулардын жана угуучулардын руханий дүнөсүн байытуу менен, дүйнө таанымына болгон көз карашын калыптандырууну көздөөдө. Бул жагдай, боюнча проф. К.Ш. Дүйшалиев өзүнүн ой толгоосун мындайча жазган: «Оозеки салттагы музыка өнөрү адамдар тарабынан жана адамдар үчүн жаралгандыктан, анын эң башкы милдети ошол адамдардын эстетикалык талабын канааттандыруу болуп эсептелет. Ал, адамдын ажайып сонундук сезимдерин ойготууга жардам берет, анын көңүл ындынын, ачуу-таттуусун көркөм элестүү чагылдырып, ар башка мүнөздөгү, темпераменттеги жана кесиптеги жарандарды, этносторду эстетикалык жана көркөм сулуулукка баш ийдирип бириктирип турат. Бул элдик музыканын жана жалпы эле искусствонун бирдей таасир берүүчүлүк, окшоштук, жакындык касиеттүүлүгүн далилдеп турат» [1, 18-б.]. Демек, окумуштуу айткандай, элдик салттуу музыкалык аткаруучулук өнөрү эл ичинен чыккан ышкылуулар аркылуу жаралып, ошол элдин руханий дүйнөсүн ээлеп, эстетикалык тарбия берүүчүлүк мүнөзгө ээ экендигин айтууга болот. Маданиятты өнүктүрүү тажрыйбасынын негизи бөлүгүнөн болуп, элдик музыкалык агартуучулук өнөрүнүн салттуулугун эске алуу менен, бул тармактарга тийиштүү адистерди даярдоону иш жүзүнө ашырууга көмөгүн берет. Бул жагдайда, кыргыз элинин музыкалык аткаруучулук өнөрү боюнча байыртадан келе жаткан «устат-шакирт» салттуу өнөрү салтка айланып бүгүнкү күнгө келип жетти [2, 219-б.].

Музыкалык маданий баалуулукту коомчулукка кеңири таратуу, мамлекеттин пландуу түрдө жүргүзүлгөн маданий иш-чараларынын таасири, элдик салттуу музыкалык аткаруучулук өнөрүнүн келечек өнүгүүсүнө көмөгүн көрсөттү. Республикабыздын социалдык-маданий жашоосунун мындай өнүгүү процессинде эң маанилүү орунду, элдик музыканттардын чыгармачылык ишмердүүлүгүнө, ошондой эле чыгармачыл-аткаруучу коллективдерге шарт түзүп берген жана алардын салттуу түрдө сакталуусун жана өнүгүүсүн камсыздандырган уюштуруу чөйрөсүнө берүүгө болот. Чыгармачылыктын мындай түрүнүн күчү менен, элдик музыкант-аткаруучулардын жана угуучулардын маданий деңгээлинин өсүшү кенен арыш алууда.

Мамлекеттин «маданиятты өнүктүрүү» саясатынын алкагында, маданияттын очогу катары эсептелген элдик музыкалык аткаруучулук өнөрүн төмөндөгүдөй критерийлерде карай алабыз:

*Биринчиден.* Элдик музыкалык аткаруучулук өнөр жагдайында, эң алды маданий чыгармачыл мекемелерде жеке аткаруучулардын жана фольклордук чыгармачыл топтордун пайда болушу. Мында, биз биринчилерден болуп уюшулган «Камбаркан», андан соң, «Саамал», «Доор» сыяктуу фольклордук топторун мисалга келтире алабыз. Ошондой эле, жеке аткаруучулар – Нурак Абдрахманов, Самара Токтакунова, кийинки муундардын ичинен Саламат Садыкова, Нурлан Нышанов, Эльмирбек Иманалиев сыяктуу ырчы-акындар, комузчу-күүчүлөр өзүлөрүнүн аткаруучулук жана чыгармачылык ишмердүүлүктөрүн жүргүзүү менен элдик музыкалык аткаруучулук өнөрүнүн өнүгүүсүнө зор салымдарын кошушту [3, 233-235-бб.].

*Экинчиден.* Өлкөбүздө элдик музыкалык аткаруучулук өнөрүн өнүктүрүү үчүн, жаш муундардын профессионалдык деңгээлде өсүп чыгышы мыйзам ченемдүү. Маданиятты өнүктүрүү тажрыйбасынын негизги бөлүгү катары, музыкалык билим берүү системасы эсептелет. Ошондуктан, жогоруда айтылган элдик музыкалык коллективдер үчүн адисттерди – кесиптик элдик музыкант-аткаруучуларды даярдоо маселеси турду.

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



Элдик музыкалык аткаруучулук менен окутуучулук ишмердүүлүгүн тыгыз байланыштырып турган бирдиктүү билим берүү комплекси – маданият, искусство жана музыкалык орто жана жогорку окуу жайлары – жалпы өлкөбүздөгү элдик музыкалык аткаруучулуктун салттуулугунун өнүгүшүнө багытталган жаңы функциялаштыруу механизминин пайда болушуна көмөк болууда. Анын эң негизгиси – музыкалык билим берүү мекемелериндеги окутуучулардын жана студенттердин усулдук жана концерттик-агартуучулук ишмердүүлүгүнүн иштиктүүлүгүнө таасирин берүүдө. Бул жагдайда, окумуштуулар Э. Ж. Каниметов менен К. К. Жакыпов: «Кыргыз республикасында билим берүүнү модернизациялоо, гармониялык өнүккөн чыгармачыл инсанды тарбиялоо менен, коомчулуктун талапбын канааттандырууга багытталган», - деп өзүлөрүнүн ойлорун мындайча жазышкан [4, 65-б.]. Демек, бүгүнкү күндө, маданий ишмердүүлүктү өнүктүрүүдө, билим берүүнүн жаңы багыттарын көздөө жолго коюлгандыгын айтууга болот.

Музыкалык билим берүү системасында, окутуу ишмердүүлүгү түрдүү мүнөздөгү иш-аракеттер аркылуу жүргүзүлөт. Бул жагдайда илимпоздор Калмаматов Б.А. жана Акматкулов А.А. өзүлөрүнүн оюн мындайча билдиришкен: «Окутуудагы ар бир ишмердүүлүктүн түрү, өз кезегинде, бирдиктүү мотивдин жана ишмердүүлүктүн максатына жетүүнү камсыздоочу аракеттердин системасынан турат» [5, 231-б.]. Демек, максаттуу түрдөгү маданий өнүгүү системаларынын иштиктүүлүгүнүн натыйжасы, кесиптик адистердин ишмердүүлүгүнүн ийгиликтерине кыйла түрткү берүү менен көмөгүн көрсөтүүдө.

*Үчүнчүдөн.* Сөзсүз түрдө, музыкалык окуу жайларында профессионал элдик аткаруучуларды даярдоо үчүн, аларды тиешелүү өнөрчүлүктөр боюнча окуу программаларын, куралдарын, китептерин,ноталык материалдарын жазуу маселелери турду. Өзгөчө тажрыйбалуу окутуучулар мындай маселелерди чечүүгө белсемдүү киришип, иш жүзүнө ашырууда. Музыкалык билим берүү жагдайындагы Окуу-усулдук Бирикмесинин (УМО) ишмердүүлүгү, элдик салттуу музыкалык аткаруучулук өнөрүнүн келечек өнүгүүсүнө көмөгүн көрсөтүүдө.

*Төртүнчүдөн.* Элдик музыкалык аткаруучулук өнөрү боюнча жаш муундарга билим берүү менен, алардын аткаруучулук маданиятын жогорулатуу максатында, мындай маданий иш-чараларды уюштуруу активдүү жүргүзүлүүдө. Жаш муундардын ичинде көп сандаган эл аралык жана республикалык кароосынактардын, фесстивалдардын лауреаттары чыга келишти (Асылбек Маратов, Кадырбек Бейшенбаев, Закирбек Дүйшөнбек уулу, Асыкбеков Кылымдар, Темирбек Матыбаев, Аккыз Абасбекова ж.б.).

*Бешинчиден.* Бүгүнкү күндө, элдик музыкалык аткаруучулук өнөрүн өнүктүрүүдө, жеке эле билим берүү жана аткаруучулук жагдайлары менен гана чектелбестен, аны илимий изилдөөчүлүк ишмердүүлүктөрү да жүргүзүлүүдө. Мындай тенденциялар музыкалык аткаруучулук менен коомчулуктун ортосундагы байланышы, музыкалык чөйрөнүн структуралык элементтеринин жана алардын ортосундагы чиеленген катаал байланыштары менен шартталган. Жалпы элдин салттык музыкага болгон түшүнүгү барган сайын өсүүдө. Бул жагдайда, эң негизги ролду өзүнчө чыгармачылык системага мүнөздүү маданият, искусство жана музыкалык окуу жайларынын жана музыкалык-маданий мекемелеринин концерттик жана фольклордук топтору ээлешет. Элдик чыгармачыл жамааттардын мындай түрлөрү өлкөбүздөгү музыкалык маданияттын өнүгүүсүнө багытталган маданий-агартуучулук иштерин жүргүзүүгө ыңгайлуу шарттарды түзүүдө.

Жалпы элдин дүйнөлүк музыкалык таанымын, ошондой эле, ал музыкант-аткаруучулардын эл аралык деңгээлдеги маданий иш-чараларына катышуусун, ишмердүүлүктүн бир түрү жана музыкалык маданиятынын элементтеринин бири, ошону менен бирге, бүгүнкү күндөгү жалпы коомчулуктун руханий маданиятын калыптандырып, өнүктүрүүчүсү катары кароого мүмкүндүк берет. Мындай иш-чаралар элдик музыкалык аткаруучулук өнөрүнүн калыптануу процессинде, элдик музыкант-аткаруучулардын чыгармачыл ишмердүүлүктөрүн жандандырууга жана кеңейтүүгө өбөлгө түзүүдө.

Ошентип, элдик салттуу музыкалык аткаруучулук өнөрүн, Кыргызстандын социалдык-маданий жашоосунун контекстинде кароодо, анын көркөм чыгармачылык сферасы республикабыздын өзүнө мүнөздүү музыкалык-маданий очогу катары эсептелет. Мындай маданий очогунун өнүгүүсүн башкаруу мүнөзү, ишмердүүлүктүн формаларынын жана багыттарынын тарбия берүүчүлүк жана билим берүүчүлүк процесси аркылуу жүргүзүлөт.

**Адабияттар:**


1. Дюшалиев К. Ш. Салттык музыка: теориясы жана усулдары (окуу-усулдук куралы) [Текст]. - Б., 2012. - 188 б.
2. Касей М. Кыргыз элдик музыкалык аткаруучулук маданиятынын өнүгүүсүнүн салттуулугу [Текст]. Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. Республиканский научно-теоретический журнал, № 9, 2016. - 216-219-бб.
3. Касей М. Аспап таануу [Текст]. Окуу китеби. - Б., 2015. - 248-б.
4. Каниметов Э.Ж., Жакыпов К.К. Музыканын онтологиялык өнүттөрү жана салттуу музыканын баалуулугу [Текст]. КРнын УИА кабарлары. Республиканский научно-теоретический журнал, № 2, 2019. - 64-67-бб.
5. Калмаматов Б.А., Акматкулов А.А. Башталгыч кесиптик билим берүүдө тажрыйба аркылуу модулдук окутуу [Текст]. / Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. Республиканский научно-теоретический журнал, № 9, 2016. - 231-234-бб.